"Бекитемин"
К.Тыныстанов ат. ЫМУнун
илимий иштер боюнча проректору,
техника илимдеринин доктору
К.Ж.Зиялиев ______________
"___"_______________2021-ж.

**Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну" деген аталыштагы диссертациясына жетектөөчү мекеме катары К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты жана манастаануу кафедрасынын**

## КОРУТУНДУ ПИКИРИ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** XX кылымдын 2-жарымындагы кыргыз тарыхында белгилүү окумуштуу катары да, педагог катары да, таланттуу жазуучу-котормочу катары да таанымал болгон академик Абдулхай Алдашевдин илимий эмгектери кайсы бир даражада өз баасын алганы менен, анын көркөм сөз өнөрүндөгү туундулары талапка ылайык деңгээлдеги ар тараптуу илимий иликтөө-талдоонун обьектиси боло элек. Ырас, жазуучунун чыгармачылык портреттик сүрөттөмөсү "Кыргыз адабиятынын тарыхынын" (2002) 7-томунда берилген; анын чыгармалары тууралуу К.Асаналиев баштаган айрым адабиятчы-сынчылар сөз кылышкан. Бирок алардын изилдөөлөрү А.Алдашевдин чыгармачылыгы жана чыгармалары боюнча системалуу, комплекстүү эмес, фрагментардуу мүнөзгө ээ деп айтууга болот. Өзгөчө, автордун чыгармачылыгындагы эссе жанры, роман-эсселеринин тематикалык-проблематикалык жана идеялык өзгөчөлүктөрү, көркөмдүк жана аксиологиялык табияты тууралуу кеңири аспектиде талдоо жүргүзүлө элек.

Абдулхай Алдашевдин эссе жанрындагы ишмердүүлүгүнүн кыргыз адабиятындагы ордун, анын тематикасын, проблематикасын, баалуулуктук мазмунун, чагылтылган баалуулуктар тутумун биринчи жолу комплекстүү илимий талдоого алуу болгонунда жатат. Бүгүн А. Алдашевдин роман-эсселерин жаңыча баалоо мезгили келди, бул алардын баалуулуктук мазмунун ачуусуз мүмкүн эмес. Жазуучу А. Алдашев өзүнүн роман-эсселерин жашы улгайып, турмуштук тажрыйбасы артып, акыл-эси толуп турган убагында жарыялаган, бул анын эссеистикасына жалпы адамзаттык баалуулуктарды камтыган чыгармачылык өнөркана катары мамиле кылууга мүмкүндүк берет.



ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 117
"18" 01 2021 г.

Экинчи жагынан, адабияттаанууда документалдык-публицистикалык жанрларга көңүл буруунун активдешүүсү да жазуучунун чыгармачылыгындагы эссеистиканы кылдат иликтөөнү талап этет. Демек, изилдөө темасынын актуалдуулугу ушул жагдайлар менен шартталган деп айтууга болот.

**Изилдөөнүн илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштардын негизделишинин даражасы.** Диссертацияда иштелип чыккан илимий жоблордун, жалпы жыйынтыктардын жана практикалык сунуштардын негизделишинин даражасы адабият теориясынын жоболорунун негизинде ишке ашырылган. Диссертациянын структуралык түзүмү андагы коюлган милдеттерге дал келип, алардын ар биринин чечилиши логикалык ырааттуулукта, удаалаштыкта көрсөтүлгөн. Диссертация киришүүдөн, үч главадан, корутундудан жана адабияттардын тизмесинен турат, жалпы көлөмү - 173 бет. Киришүүдө диссертант тандалып алынган теманын актуалдуулугу, максат-милдеттери, илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы, коргоого коюлуучу негизги жоболор, апробацияланышы тууралуу маалыматтар берилген.

Иштин биринчи главасы **«Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери»** деп аталат. Бул бапта иликтенип жаткан проблема боюнча адабияттарга сереп жасалат. Мында эссе жанрынын теориясы XX кылымдын 70-80-90-жылдарында түптөлүп, азыр кыйла жогору деңгээлде өнүгүүгө жетишти. Бүгүнкү күндө эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм, роман-эссе түшүнүктөрү дүйнөлүк адабият таануунун арсеналына кадыресе сиңип, изилдөөлөрдө күрдөөлдүү колдонула баштаганын айтат. Бирок Кыргызстанда кыргыз адабиятындагы эссеисттик тажрыйбаларды изилдөө жакшы колго алына электигин айтып, автордун – А. Алдашевдин эссеисттик мазмундагы романдары да олуттуу изилдөөнүн объектисине айлантыла электигин белгилейт. Аталган калемгердин үчилтик роман-эсселерин баалуулуктук аспекттен изилдөө илимий жактан негиздүү экенин белгилейт.

Экинчи главасы **«Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы»** деп аталып, мында А. Алдашевдин роман-эсселеринин тексттери, предметин калемгердин эссеистикасынын баалуулугу жана Улуу Ата Мекендик согушка арналган, проблематикасы ошол мезгилдеги кыйчалыш жагдайлардын себептерин, Улуу Жеңиштин өбөлгөлөрүн ачуу маселелери каралат.

Калемгердин роман-эсселери аксиологялык мазмунга каныктырылган. Аларда автордун өздүк баалуулуктук тутуму чагылтылганын белгилеп Абдулхай Алдашевдин үчилтигине кирген роман-эсселер – «Жертөлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүттүкпү», – жалпы адазаттык ар кыл баалуулуктарды тулкусуна камтыган терең аксиологиялык мазмундуу чыгармалар болуп саналат. Аларда камтылган баалуулуктардын арасынан

Кудай, өмүр, өлүм, жамандык, жакшылык өңдүү түбөлүктүү категорияларга орчундуу орун берилет. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну, үчилтикке кирген роман-эсселерде сыпатталган, ачылып берилген жалпы адамзаттык баалуулуктар түзүп турат. А. Алдашевдин чыгармачыл инсаны, турмушта ал тутунган баалуулуктар, анын роман-эсселеринде мына ошол баалуулуктардын көркөм чагылуусу, анын чыгармачылыгындагы эссе жанрдык формасы, анын эссеистикасында камтылган жалпы адамзаттык баалуулуктар, автордун социалдык-саясий көйгөйлөр боюнча жекече эссеисттик рефлексиясы да изилдөөнүн предметине камтылат. Талдоого алынган чыгармалар терең эссеисттик мазмунга ээ экендигин ынанымдуу көрсөтүлөт.

Ал эми үчүнчү главасы **«Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн натыйжалары»** деп аталып, мында А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн илимий-теориялык негиздерин талдоонун натыйжалары, эссе теориясынын тарыхы узун экенин, жанрдын теориясы азыр гүлдөө дооруна жеткенин көрсөтөт. Ал эми А. Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук изилдөөнүн объектисин, предметин жана методологиясын иликтөөнүн натыйжалары, аталган калемгердин сөз кылган романдары эссеисттик жана аксиологиялык мазмундагы чыгармалар экенин, алар аксиологиялык изилдөөнүн объектиси жана предмети боло аларын, аларга карата аксиологиялык методологияны колдонуу жакшы натыйжа берерин далилдүү мисалдар менен айгинелейт.

Корутунду бөлүмүндө изилдөө ишинин негизги жыйынтыктары берилген.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**. Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмунун изилдөө алгач ирет жүргүзүлгөндүгү түзүп турат. Мындан тышкары, темага байланыштуу адабият таануу илиминдеги эссе теориясынын калыптануусу жана өнүгүүсү ырааттуу талдоого алганында.

**Изилдөөдөн алынган жыйынтыктардын теориялык жана практикалык мааниси**. Диссертациянын материалдары кыргыз адабият таануусу боюнча илимий иштерде жана окуу курстарында, XX кылымдагы кыргыз адабияты боюнча атайын курста колдонула алат. Ошондой эле ЖОЖдордо Абдулхай Алдашевдин чыгармачылык өнөрканасын, айталы, роман-эсселерин терендетип окутуп-үйрөтүү процессинде колдонулат. Мындан сырткары, кыргыз профессионал жазма адабияты боюнча окуу басылмаларын, окуу китептерин, окуу-усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө пайдаланылат.

**Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, илимий-теориялык бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарыяланышы.** Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары, бүтүмдөрү КР ЖАК тизмесине жана РИНЦ системасына кирген басылмаларда жарыяланып,

республикалык жана Эл аралык конференцияларда баяндалган. Алардын ичинде диссертанттын жеке авторлугу менен жарык көргөн 10 макала чыгарылган.

**Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши**. Автореферат мазмундук жана структуралык жактан диссертациянын мазмунуна, структурасына, анда коюлган изилдөө максат-милдеттерине, негизинен, дал келет. Диссертацияда орун албаган ашыкча, кошумча маалыматтар жок.

Диссертация жалпысынан, ийгиликтүү иштелген жана өз максатына жеткен. Өз алдынча аткарылган, толук бүткөрүлгөн иш катары оң баага татыктуу.

Аталган ийгиликтер менен кошо төмөнкүдөй сунуш-пикирлерди, кемчиликтерди көрсөтүүгө болот.

1. Диссертацияда цитаталар абдан көп келтирилет жана көп учурда диссертант орус тилиндеги цитатада айтылган ой, көз караштты кайра кыргызча которуп айтып берүү менен чектелет. Мындай түшүндүрмөлөрдүн эч кандай кажети жок эле, иштин көлөмүн көбөйтүүгө гана өбөлгө болгон. Экинчиден, цитатаны ашкере көп келтирүү иштин илимий-теориялык деңгээлин жогорулатуучу деле роль ойнобойт деген пикирдебиз.

**2.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары орун алган 3-баптын да, анын параграфтарынын да аталышын жалпы сөздөр менен эмес, конкреттештирип берүү алгылыктуу болот эле.

3. Иштин акырындагы тиркеме эч кандай олуттуу теориялык же практикалык, репрезентациялык мааниге ээ эмес деп ойлойбуз.

4. Иште орфографиялык, пунктуациялык каталар, стилдик мүчүлүштөр учурайт. Мисалы, иште «көркөмдүү» деген сөз бир нече ирет кезигет. «Көркөм» сын атоочуна *–луу* мүчөсүн улап, сын атоочтон кайра сын атооч жасоо канчалык деңгээлде шартталган?

**Диссертациялык иштин КР ЖАКтын талаптарына жооп бериши жана диссертантка окумуштуулук даражаны ыйгаруу боюнча сунуштар.**

Жалпылап алганда, Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган **«Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну»** аттуу диссертациялык изилдөөсүн КР ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга жооп берген, өз алдынча аткарылган, илимий-теориялык жана практикалык талаптарга жооп берген иш катары эсептөөгө, ал эми анын автору Токтомаметова Жазгүл Асылбековнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп корутунду чыгарууга негиз бар.

Диссертациялык иш К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты жана манастаануу кафедрасынын 2021-жылдын 11-январындагы отурумунда талкууланып, №5 протоколу менен бекитилди. Диссертациялык ишти талкуулоого филология илимдеринин кандидаты, кафедра башчысы Н.А.Жумашова, филология илимдеринин доктору, профессор А.Э.Абдыкеримова, филология илимдеринин кандидаты, доцент Ч.Д.Толубаева, филология илимдеринин кандидаты, доцент К.А.Асаналиева, окутуучу Б.Ж.Сыдыкова, катчы А.Азимовалар катышты.

Корутунду пикир кыргыз адабияты жана манастаануу кафедрасынын башчысы, филология илимдеринин кандидаты Н.А.Жумашова жана филология илимдеринин доктору, проф. А.Э.Абдыкеримова тарабынан жыйынтыкталып түзүлдү.

**Отурумдун төрайымы,**
**кафедра башчысы, ф.и.к.** **Н.Жумашова**

**Отурумдун катчысы** **А.Азимова**

Н.Жумашова А.Азимовалардын колун
ЫРАСТАЙМЫН
Окумуштуулар кеңешинин
катчысы
«14» 01 2021 ж.г.